**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу**
**Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча**
**улуттук комиссиясы**

**Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору**

# МОМПОСУЙ

**(Аңгемелер жыйнагы)**

**Бөбөктөр үчүн**

**Бишкек – 2023**

УДК 821.51-93
ББК 83.84
Б 42

Китеп Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдында түзүлгөн басылмаларды илимий-редакциялык талдоодон өткөрүү боюнча редакциялык-эксперттик комиссия басууга сунуштаган:
Ж.К. Орозобекова, Н.К. Маражапова, А.А. Акматалиев, Т.А. Коңурбаев, Г.Т. Курманбекова, Т.Ж. Чортонбаев, К. Джумабаев.

**Бекбоева Айдай**
Б 42 **Момпосуй:** (Аңгемелер жыйнагы): Бөбөктөр үчүн. – Б.: «Кут-Бер», 2023. – 60 б.

ISBN 978-9967-14-178-0

Бөбөктөргө арналган бул прозалык жыйнакка автордун 8 аңгемеси камтылды. Жыйнак Айдай Бекбоеванын экинчи китеби. Автордун өзүнө тиешелүү стилдик жөрөлгөсү бар, кичинекей балдардын психологиясынын чоң адамдар маани бербеген нерселерин сергектик менен туюп турган жаш талант. Калемгердин аңгемелеринде кенже балдардын кыялкеч, аппак кардай таза дүйнөсү, мүнөздөрү, жорук-жосундары көз алдыга тартылат.

Балдар Айдай Бекбоеванын аңгемелерин кызыгуу менен окушат жана тарбиялык таасирлерди алышат деген ишеничтемин. Бөбөктөр дүйнөсүнөн оригиналдуу сюжеттерди көрө жана таба билген, аларды өзүнө таандык боёктор менен көркөм сүрөттөй билген Айдай Бекбоевадай кыргыз балдар адабиятынын салтын уланткан дагы бир келечектүү таланттын келгендигин айгинелейт.

УДК 821.51-93
ББК 83.84

ISBN 978-9967-14-178-0

© Бекбоева А., 2023
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2023

## МОМПОСУЙ

Чынара таттууларды абдан жакшы көрөт. Айрыкча ага жаңгак кошулган таттуу жагат. Эртең менен бакчага баратканда таттуусун колуна кармап алат. Бакчага жеткенде балдар аны тегеректешип, таттуудан көзүн алышпайт. Ал ансайын аларга мактана, жалгыз өзү жейт.



Ата-энеси ага курбулары менен бөлүшүү керектигин түшүндүрүшкөн. Бакчада тарбиячы эжеси да көп жолу айткан. Бирок...

Бакчада Адыл деген бала ар дайым жанында. Анткени ал экөө кошуна жашайт. Ага момпосуйунан «жейсиңби?» демиш болот.



Адыл момпосуйду эми оозуна сала берээрде, оозунан кайра тартып алат. Ичинен ал таттуусунун көп бөлүгүн жеп алат  деп ойлойт.

Чөнтөгү толтура момпосуй, бирок Чынара эч ким менен бөлүшкүсү келбейт.

Бир күнү капилеттен Чынаранын тиши ооруду.



Апасы экөө тиш доктурга жөнөштү. Жолдо бара жатканда Чынара коркту. Апасынын колун катуу кармап алып:



– Менин тишимди сууруйбу? – деп сурады.
– Жок, дарылайт, – деп түшүндүрдү апасы.
– Кантип дарылайт?

– Сен андан көрө айтчы, «момпосуйду аз же» дедим эле го, качан угасың? – деди.

– Чынара оозун чормойтуп «аз же», – деп, айта бересиз... деди капалуу.

Аңгыча тиш доктурга келип калышты, регистратурадан бир барак кагаз алышты да, түз эле тиш доктурдун бөлмөсүнө бет алышты. Кезек күткөндөр көп экен. Апасы экөө да отургучка отуруп кезек күтүштү.




Чынаранын бет алдында тишке кам көрүү боюнча сүрөттүү нускама илинип туруптур. Ал анын жазуусуна түшүнбөсө да сүрөттөрүнө кызыгып көпкө чейин карады. Тиш пастасы, тиш щёткасы, тиш чайкоочу ар кандай каражаттар тартылган экен. Дагы башка сүрөттөрдү карап жатты эле, алардын кезеги келип жетти.

Апасы тиш доктурдун эшигин такылдатып:

– Саламатсызбы, мүмкүнбү? – деп, учурашып кирди.

Чынара тиш доктурду көрүп, апасынын артына жашына калды.

– Саламатчылык, келиңиздер! – деди.

Апасы колундагы кагазды доктурга карматты. Ал карап туруп:

– Аа, түшүнүктүү. Таттууну көп жедик деңиздерчи.

– Кана айтчы, атың ким? Канча жаштасың?

Оо, көйнөгүң тим эле сонун турбайбы, – деди, дарыгер Чынараны мээримдүү карай. Анан аны кош колдоп көтөрүп, отургучка отургузуп, тишиңди көрөйүн ээ, оозуңду чоң ач – деди. Чынарага «көйнөгүң сонун» деген мактоо жага түштү.



– «Ааа», – деп оозун өзү эле чоң ачты.

– Тишин курт жеп баштаптыр, – деди доктур.

Чынара, тишин алманын куртундай курт жеп баштаганын элестетип чынында коркуп кетти.

– Оозуңду чоң ачып тур.

Тишинин курттарын доктур эми бирден терет экен деп ойлоду.

– Түшүнүктүү, деп дагы кайталады да, доктур Чынаранын апасы менен кобураша кетти. Ошол учурда Чынара коркконунан көзүн бекем жумуп алды. Ал көзүн ачкыча, тиш доктур оозуна тыз эттире

ийнесин сайып койду. Ою менен алаксып жатып муну Чынара байкабай да калды, ошондуктан ыйлаган жок. Бир аздан кийин оозу катып калгандай сезилди. Ошол убакта доктур тишин тызылдатып тазалады, тез эле бүттү.

– Мына, тишиңди тазалап койдум. Эми таттууну азайт, макулбу?

Тиш доктур таттууну азайтып, тишке өз убагында кам көрүш керектигин жакшылап түшүндүрдү.

– Таттууну мындан кийин азайт. Андан көрө жер-жемиштерди көбүрөөк же, мисалы, алма, сабиз.

– Чынара, жок же бар деп айта албай убараланды.

Тамак ичкенден кийин оозуңду жылуу суу менен сөзсүз чайкап тур, – деп апасы да, атасы да кечке маал тамак учурунда бир ооздон айтып ага түшүндүрүштү.

– Бир күндө бир эле момпосуй жейинчи, – деди, Чынара сумсайып.



Чынара түндө түш көрдү. Түшүндө баягы өзү элестеткен курттар оозуна толуп алышыптыр. Караса, бардык тиштерин бирден кертип жыргап жеп жатышат. Маңдайкы эки эле тиши калыптыр.

Ары жактан тиш щеткасы тызылдап жардамга келе жатты эле, ал ойгонуп кетти.

– Өх! – деди, Чынара, түшү экенине кубана. Күзгүгө барып, дароо оозун ачып, тишин карады. Бардык тиши ордунда экен. Кечээки тазалаткан тиши да ордунда. Сүйүндү. Тиш щётканы алып, тишин жууп, кыңылдап ырдап да жатты. Кийинди.

Чынара бакчага келди.



Чөнтөгүнө сала келген момпосуйларын досторуна бирден таратты. Адылдын жанына барып ага да берди.

Бүгүн апасы Чынараны бакчадан эртерээк алды, анткени конокко барышмак. Бакчадан чыга берээрде Адылдын апасы алардын алдынан чыгып, жылуу учурашып өттү. Чынара мурда Адылга кылган мамилесин эстеп өзүнчө уяла түштү.

## ЛУПА

Бүгүн Азаттын туулган күнү. Ал кудуңдап өзүнчө сүйүнүп жүрдү.

– Бизден белек! – деп кутудагы белегин беришти ата-энеси.



– Ой-ий! Бул эмне, кандай белек? – деп дароо эле кутучаны шаша-буша ачып жатты. Кыргызча-англисче сүрөттүү сөздүк анан лупа экен.



Мына кызык! Чынында чет тилин үйрөнө албай, убара болуп жүргөн.

– Мен азыр! – деди да, лупаны колуна алып сыртка чуркап чыкты.

Ити Азатты эле күтүп тургандай, куйругун шыйпаңдатып жанына келе калды. Тамак экен деп ойлоп кетти окшойт, лупаны жалап көрдү.



Шумдугуң кур! Тили кыпкызыл, тиштери арбайып бир паста арыстанга окшоп кетти. Азаттын жүрөгү «шуу» эле дей түштү.

– Ой! Ой! Сен эмне, арстан болуп кеткенсиңби? – деп артка кетенчиктеди.

Артта тапчанда мышыгы жаткан. Анын муруттарын санай кетти, бир, эки, үч... Мышык көзүн ачып Азатты бир карады да «сенсиңби?» дегендей, кайра көзүн жумуп уйкусун улантты.



Тим эле, карасаң! – деп мышыгын жактырбай бурула бергенде, лупа колунан жерге түшүп кетти.

Аны алайын деп эңкейди эле, жердеги тызылдашкан кумурскаларды байкап калды. Кумурскалар ары-бери каттап жатышты. Бир кумурска өзүнөн чоң чемичкенин данын көтөрүп алыптыр. Тарталаңдап араң эле көтөрүп бара жатат.



Өжөр кумурска окшойт, тиштегенин коё бербейт. «Таштап коёт» деп ойлогом, жок таштаган жок. Акыры үйүнө жеткирди. Мен кумурсканы карап отуруп анын эмгекчилдигине, өжөрлүгүнө таң калдым.

Белекке берген сөздүктү колума алып, үйгө кирдим да өзүмчө жылмайдым.

Баштаган ишиңди таштаба...

## СЕГИЗ БУТ

Сегиз бутту болгуңар келеби, же үч жүрөктүү?
Албетте жок, албетте жок, албетте жок!
Мурун жок, жада калса кулак да жок,
Жөн гана бакыракай чоң көздөр!

– Ха-ха-ха! Ха-ха-ха! – деп, осминог ырдап жатып, шляпасын чечип, каткырып күлүп койду.



Бул адаттан тыш жаныбарды ырдап жатканда оозу же мурду кайда экенин чынында көрө албайсың. Жанындагылар кээде тамашаласа капарына алып да койбойт. Аны түшүнүү кыйын…

– Негизи өзү кызык эле. Ооба ооба!

Биринчиден, ал акылдуу. Анын кулагы жок болгонуна карабастан, ал эң сонун угат. Тегерегинде эмнелер болуп жатканынан биринчилерден болуп кабардар. Экинчиден, тез өзгөрмө касиети бар. Өзү жашаган чөлкөмдү бүтүн тааныйт. А түгүл кээде карап турсаң коркунучтуу да!

А бул тез татым жайы аныкы. Кызыгы ал абдан таза, чынында кир жашоону каалабайт. Тез татым жайын ар дайым күчтүү суу агымы менен дайыма жууп, тазалап турат. Эмнегедир ал бир эле учурда көп жумушту аткаргандыктанбы же башка себеби барбы билбейм, өз эс алуучу жайында бир эле учурда ашпозчу, кардар тейлөөчү, ырчы. Ушул жөндөмү менен ал сыймыктанат. Ырдагандан чарчабайт:



– Эх! – Сегиз бутту болгуңар келеби, же мага окшош үч жүрөктүү?

– Албетте жок, албетте жок, албетте жок!

– Мурун жок, жада калса кулак да жок,

Жөн гана бакыракай чоң көздөр!

– Ха-ха-ха! ха-ха-ха!

Тез татым жайын түнкүсүн ачат. Деңиз түбүнө өз колу менен таштан кынаптап курган. Анын кардарлары: жалкоо ташбака, үтүрөйгөн кирпи, ооз ачпас тултук көк балык, унчукпас медуза жана башкалар.



Битир краб, омар сыяктуу каршылаштарынан кутулуу үчүн ар башка ыкманы колдонот. Аларга көшөгө тартып койгон.

Баардыгы эле жакшы эгер бир нерсени эске албаганда. Ал адамдарды көргүсү келчү. Адамдар менен беттешкенде алардын мээримин байкаган.

Бир жолу деңиз бушайман болгондо ал жээктеги кумга тыгылып калган. Ал жерде чыга албай тумчугуп жатса, адамдар келип бошотуп кайрадан деңизге коё беришкен. Ошондон бери ал адамдар жөнүндө ойлонот. Эгер бирөө жарым анын тез татымына келсе ал сөзсүз коноктомок.

– Эй, сегиз аяк! Сен эмне эле ойлонуп калгансың? – деди, үтүрөйгөн кирпи.



– Мен, мен, мен деди да сүйлөгүсү келбей бурулду.

– Сен эмне, соосуңбу?

– Негизи... Айтчы кирпи сен адамдарды көрдүң беле?

– Жок! Көргөн эмесмин. Көргүм да келбейт!

– Эмнеге?

– Билбейм, адамдар бизди жеп коюшабы? – билбейм, билбейм, корком.

– Анда билип ал, адамдар менен биз бирдей эле жашайбыз, болгону алар кургакта, а биз болсо суунун түбүндө. Керек болсо кай бирде жардам да беришет.

– Эх! Силер билбейсиңер! Алар калдыктарды туш келди ыргытышат экен.

– Ха–ха–ха! Ой койгулачы жомогуңарды – деди карс-карс күлүп краб.

– Мен аларды жээкке чыкканда көрөм, – деди таш бака.

– Айтчы анда, алар кандай? – деди сегиз бут. Мен ойлой берем да, эгер алар сууда жашап, биз кургакта жашасак эмне болмок?

– Койчу, ошондой да болмок беле?

Аңгыча «булк-булк-булк» эткен үн угулду. Баары таң кала аны карап калышты. Бөтөлкө экен. Оозу жабык жашыл бөтөлкө. Ичинде оролгон кичине кагаз жүрөт.



– Ой, бул эмне? Каяктан түштү? Качкыла! Жарылат! – деп кыйкырды көк тултук балык.

– Айтпадым беле, бул адамдардын кылганы. Алар калдыктарды туш келди ыргытышат дедим беле, деди үтүрөйгөн кирпи.

– Койгулачы, болбогон кебиңерди, баарын эле адамдардан көрө бербей.

Келгиле, андан көрө ичин ачып көрөлү? – деди краб чечкиндүү. Кана, мага бергилечи, деп краб өзүнүн карылуу колу менен ача салды.



– Ой шумдук! Бул эмне? Эми кантип окуйбуз? Ким окуйт? – дешти кайрадан чурулдашып.

– Ташбака көз айнегин кийип, келе бергиле, мен окуйун – деди. Баары жабыла карап калышты.



Мен туулуп-өскөн шаарымды жакшы көрөм, адамдар ары-бери чуркап, мени көрбөй өтүп, шашып жүрүшөт... Ушунчалык кыйкыргым келет: «Элдер! Токтогула! Кайдыгер карабагыла! Айланабызды карагыла, уккула!» Жер дем алат. «... Жаратылыштын жашын узартуу үчүн ар бир адам бүт табияттын досу болууга тийиш... Мен силерге ишенем!» Залкар.

Баары катып туруп калышты.

Алыс эмес жерде кичине кыз самын көбүктөрүн үйлөп атасы менен сүйлөшүп жатты. «Ата! Ата! Карачы! Самын көбүгү биздин жерге окшош экен!».



Эрксизден баары угуп жатышты. Атасы жылмайып жооп берди:

– Ооба, кызым, туура айтасың, кичинекей жер шарындай. Бул самын көбүгү сыяктуу биздин жер да абдан кылдат мамилеге муктаж экенин билесиңби? Албетте, жер бул шардай жарылып кетпейт, бирок адамдар өздөрүнүн бейкапар, ойлонбогон аракеттери менен жерге чоң зыян келтирип жатышпайбы. Токой, суу биздин планетанын өпкөсү жана биздин ойлонулбаган иш-аракеттерибиз жердин дем алуусун кыйындатат».

– Ата, – деди кыз. Жер анда таптакыр өлүп калабы?



– Жок! Жок! Адам мындайга жол бербейт... Түшүнсөң, адамда ушундай күч бар. Эң негизгиси, биз баарыбыз жерди сүйөбүз. Бирөөнүн тоосу, бирөөнүн деңизи бар, ал эми сен экөөбүздүн былтыр тиккен теректерибиз бар!

...Самындын көбүгү учуп барып асманга көтөрүлдү. Ушунчалык сулуу, ушунчалык сонун!

– Эх! Силер сегиз бутту болгуңар келеби, же үч жүрөктүү?

Албетте, жок, албетте, жок, албетте жок!

Мурун жок, жада калса кулак да жок,

Жөн гана бакыракай чоң көздөр!

Ха-ха-ха! Ха-ха-ха! – айттым беле, адамдар акылдуу, алар жол бербейт! Демек, бизге коркунуч жок!

## БИЗДИН ГҮЛҮ – МУГАЛИМ

Гүлү быйыл жети жашта. Жакында мектепке барат. Балдар бакчасынан өзү теңдүү курбулары менен окуганды, санаганды, ырдаганды жана бийлегенди үйрөндү.



Бүгүн дем алыш күн. Эх! Жайдын аптаптуу ысык күнү кандай сонун!

Гүлү күндөгүдөй эртең менен эрте туруп, тапчанды көздөй бет алды. Астынан куйругун шыйпаңдата ак саамай күчүгү чыкты.

– Ой, ак саамайым, кандайсың! – деп, эркелете кетти.



Гүлүнү көрөөр замат алманын бутагынан секирип түшүп, мышыгы да жетип келди. Тоок да жөжөлөрү менен чукулуктап ашып ары-бери бастырбай ээрчишет. Ары жактан улагы так секирип, серендейт.



Күтүүсүздөн Гүлүдө бир ой пайда болду.



– Мм, кызык. Булар тамга тааныйбы, санаганды билет болду бекен?.

Ары жакта чоң энеси тандырга нан жаап жаткан:

– Берекем, турдуңбу? – деди, чоң энеси жүрөгү элжиреп.

Гүлү, чыйпылдашкан жөжөлөрдүн чурулдагынан чоң энесин уккан жок, күчүгү менен сүйлөшө кетти:

– Мен жакында мектепке барам. Ал жакта санаганды билиш керек. Сен санаганды билесиңби? Каалайсыңбы, үйрөтөйүн? – Кана, «бир» дечи!

– Күчүгү, куйругун шыйпаңдата: «ав» – деди.

– Ой, о-ой! Сен, чын эле санаганды билесиңби? Анда «экини» – деп, колунун эки манжасын көрсөтүп, кана, айтчы.



Күчүгү чын эле санаганды билгендей: «ав, ав» деп жиберди.
– А-за-мат! Сага, бүгүн «беш» – деп койду.

Гүлү ушунчалык сүйүндү дейсиң, өзүн кудум эле бакчадагы мугалими катары сезди. Эми мышыгына бурулуп:

– А сен, эмне билесиң?

Мышыгы анда тулку боюн кере: «Мяууу» – деди.



Гүлү таңыркап:

– Ай-иий, сен бийлегенди жакшы көрөт окшобойсуңбу. Кайдан үйрөндүң? Бирок, башында эле жүгүнгөн болбойт! Биз бакчадан бийлеп бүткөндөн кийин жүгүнөбүз.

– Кана, мага келчи – деди да, шаңдуу ырдай мышыктын эки алдынкы бутунан кармай, чогуу бийлей баштады.



– Ха-ха-ха, тим эле укмуш! Сага да «беш», – деди.

– Эми сен эс алып тур – деп, тоокко карады.

– Сен балапандарың менен эмне кыла аласың? – деди.

Капыстан Гүлүнүн буту кичинекей кызыл топко тийип, топ балапандарды көздөй тоголонуп кетти. Балапандар чуркурашып топтун артынан жем экен деп чуркашты. Гүлү кыткылыктап аларга күлүп жатты. Ой, боорум ай!

Улагын карап:

– Кел, мен сага тамгаларды үйрөтөйүн – деп, узун чыбыкты колуна алып, жерге чиймелеп, бул «А» деген тамга. Кана, кайталачы! – деди.



Улак: «б-э-ээ» – деди.

– Бул «А» деген тамга. «А» – деп айт!

Улак дагы да: «б-э-ээ» – деди.

– Мына, бул «Б» деген тамга, сен эмне, экөөнү бирдей «бээ» дей бересиңби, – деди Гүлү.

Ары жактан чоң энеси байкап турган, «бырс» деп күлүп жиберди.

– А, бул тамга... – деп, кыз бир чоң тегерек, экинчисин кичине тегерек кылып жерге сызды да «Оо» – деди.

– Кана кайталачы?

Улак дагы да: «б-э-ээ» – деди.

– Ой, сен кандай түшүнбөгөн кежир немесиң? «Бээ» деген тамгадан да башка тамгалар бар да, – деп, улагына капаланды.

Анан өзү кудум эле мугалимдердей болуп, колун артына алып, ары-бери басты. Анан чоң энеси экөө эртең мененки тамакка отурушту.



Чоң энеси:

– Кызым, сен чоңойгондо мугалим болот окшойсуң!? – деди, небересинин чачынан сылагылай. Бүгүн биздин үйдүн жаныбарларына мыкты сабак өттүң го.

– Ооба, чоң эне, мугалимдик мага абдан жагат. Сиз көрдүңүзбү? Мен бүгүн аларга тамгаларды үйрөттүм… – деди Гүлү.

– «Мугалим улуу кесип, тилеген тилегиңе жет, берекем!» – деп, батасын берди чоң эне.

## КАР КИШИ

Кар жаап жатат! Кар жаап жатат! Кубаныч үстүнө чапанын, башына тумагын, колдоруна кол кап, бутуна кышкы өтүгүн кийип, мойнуна моюн орогучун ороп, шаша-буша чанасын сүйрөп үйдөн чыкты. Аркасынан күчүгү да ээрчий чуркады.



Ал таңыркап асмандан түшүп келе жаткан кардын жолун карады. Кубанычтын көзү өзүнөн-өзү жумулуп жатты, бирок ал болбой эле көзүн жүлжүйтүп алып асманды карады. Тээ алыстан кар бүртүктөрү түшүп келе жатышты. Кубаныч кол кабын чечип, эки колун сунду. Бирок кар жылуу колго түшкөндө эле ээрип жатты. Оюнда карды колу менен кармап алайын деген. Анан кардын даамы кандай болот көрөйүн деп, асманды карап оозун ачты, тилин сунуп көрдү. Эч кандай даам келбейт, кар тилине тийип эле ээрип кетип жатты.



Балдардын баары кар тоголоктоп жатышыптыр. Кар тогологу улам барган сайын семирди. Кубаныч кичине тоголок жасады. Тиги балдар адегенде семиз тоголокту коюшту. Анын үстүнө орточо тоголокту алып барышты. Кубаныч кичине тогологун эң үстүнө акырын койду. Анткени башы сынып калбаш керек эле. Күчүгү ары-бери чуркап ага шерик болду.



Ошентип баарылап чоң дарактын жанында кар кишини орнотушту. Тез эле кеч болуп кетти. Кубаныч кар кишини тоңуп калды окшойт деп ойлоду! Бирок, кар кишинин чүчкүргөнгө мурду али жок эле. Кыздар сабиз алып келип мурдун тагышты. Көзүн Кубанычтын күрмөсүнүн эки кара топчусу ээледи. Мойну үшүбөсүн деп тамашалап моюн орогуч байлашты, анын үстүнөн жалтыракты илишти. Башына эмнегедир чака кийгизишти, анткени кар жааса, башы суу болбойт дешти окшойт. Колуна шыпыргыны карматышты. Кар киши рахмат айткысы келди окшойт, бирок оозу али жок. Оозун Кубаныч колу менен күлүп тургандай чийди. Кубанычтын күчүгү кар кишини жыттагылап, кайра бетмаңдайына келип, эмне болуп жаткандыгын түшүнбөй, карап жатты.



Ой! Ой! Мен... КАР КИШИ болуп баратам деп жатты го деп ойлодум! Бул күчүктү алгылачы, ал жыттагылаган сайын кытыгым келип жатат. Балдар аны тегеректеп ырдашты. Кар киши барынын көңүлүн бурду.

Балдарды үйгө чакырып, кар киши жалгыз калды. Ал кыштын суук шамалында турду.

Кечке маал. Кар киши калыбында тура берет эле, эгер карга менен сагызган болбогондо. Карга учуп келип, дарактын бутагына конуп ага кызыгып карай баштады. Ал кар кишини көпкө карап маңдайында турду эле, ары жактан сагызган учуп келип, түз эле кар кишинин мойнундагы жалтырагын жулуп учуп кетти.

– «Токто! Ой, токто дейм, ал меники, балдар мага беришкен» – деп ызаланып кыйкырды кар киши.



– Ошону эле күтүп тургансып, карга келип мурдундагы сабизди чугусу бар. Кар киши болушунча эки колу менен мурдун жапты. Коркпоюн деп көзүнө чейин чаканы түшүрдү.

– Ой, ой, бул менин мурдум. Эмне кылайын деп жатасың? Мурдума тийбе!



Бир убакта Кубанычтын күчүгү келип, карганы кубалады. Карга какылдаган бойдон учуп кетти.



– Чоң ыракмат, досум! Сен болбосоң булар мени талап кетишчүүдөй, деп ак көңүлүнөн жылмайды.

Мындай көрүнүш кечинде гана жаралды, ал эми күндүз ак пейилдүү жандык аны тегеректеп кар ойноого чакырып турду.

– Балдар эртеси дарактын бутагына жем салгыч илишти.



Алар ага тамак таштап кетишти. Ошондон кийин карга, сагызган кар кишиге тийишишкен жок.

Кар киши балдарды күнүгө чыдамсыздык менен күтөт...

## АЙЛАН-КӨЧӨК, АЙГА КӨЧӨТ!

– Айлан көчөк, айлан көчөк, азыр баары айга жетет! – деп Калыс эки колун эки жакка жайып, көзүн жумуп айланып жатты.

– Кой кагылайын, азыр башың айланып жыгыласың, – деди чоң апасы.



– Бат айланат экенминби? Караңызчы! Айлан көчөк, айлан көчөк, биздин айыл айга көчөт! – деп жатып Калыс жерге жыгылды. Кыткылыктады.

– Айтпадым беле, өзүңдөн айланайын ай, – деп неберееге чоң эне жалынып жатты. Тур, тура гой.

Чоң эне Калыстын башын тизесине жөлөп, көзүңдү ач, кана эми, – деди.

Калыс биринчи оң көзүн ачты, чоң энеси, кой козусу менен аны карап турушуптур. Анан сол көзүн ачты, кой кулактарына чоң апасыныкындай чоң сөйкө салып алганын көрүп:

– Хи-хи-хи! – деп, кайра көзүн жумуп жылмайды.



– Башың айланат, дедим беле?

– Жок, чоң апа меники эмес, жердин башы айланып кетпедиби.

Эртеси Калыс, дагы шоктонду. Кечээ күнкүдөй дагы айланды:

– Айлан көчөк, айлан көчөк, биздин айыл айга көчөт! – деп тегеренип ойноп жатты. Калыс айланасын караса эч ким деле көрүнбөйт. Жанында эчкиси турат. Анын сакалын көрүп жылмайды.

– Ой, шумдук! Чоң атама окшошун кара. Хи-хи-хи! – деп күлүп жатты.



Кеч кирди. Асмандын бети жайнаган жаркыраган жылдыздар.



– Жүрү эшикке, Калыс, – деп, чоң ата эшикти көздөй басты. Чоң атасынын артынан Калыс эшикке чыкты. Эмнегедир баягыдай каякка? эмнеге? эмне кылабыз? деген суроолорун жаадырып берген жок. Чоң атасы Калысты үшүп калбасын деп, бооруна кысып, чапанынын этеги менен кымтылап:



– Көрдүңбү, айды?

– Ии-и. Калыс башын ийкегиледи.

– Аа, жылдыздардычы?

– Ооба, көрүп жатам. Ай күн сыяктуу эле кооз, жарык. Адамдар айга бара алышат. Албетте, айда жашоо жок дечи, бирок окумуштуулар айга изилдөө жүрүзүп турушат. Ай дайыма эле түнкүсүн гана көрүнбөйт, аны күндүз деле көрүүгө болот. Анда жашоо да, суу да жок. Айга атайын коргоочу кийим кийип барбаса аба жетишсиз болуп калат.

– Ай, ий! Кызык! – деп, Калыс чоң атасынын колтугуна жашынды.

– Ооба, дал ошондой.

– Илгертен бери асманда көптөгөн жаркыраган жылдыздар жашап келет.

Алар балким, бүткүл дүйнөдөгү эң кооз нерселер. Чынында кичинекей жаркыраган жылдыздар кантип ушундай жашоо кечирет мага да таптакыр түшүнүксүз. Анткени алар адамдардан айырмаланып, эч качан, эч жакка шашылышпайт. Мунун себебин жылдыздарга бир жерден экинчи жерге көчүүгө тыюу салынса керек деп да ойлоп кетем. Ошондуктан алардын кыймылы өтө чектелген окшобойбу. Кантип ачууланышпайт биле албадым. Дегеле, биз адамдар чыдамсыз болобуз, чыдамсыздык адаты адамдарга гана мүнөздүү болсо керек. Сен ошондуктан шоктонбой жылдыздардай токтоо болгонду үйрөн.

– Чоң ата, мен шоктонбой эле – деп мурчуя карады.

– Карасаң, тээ тетиги үркөр жылдызды.

– Кайсы?

– Эң жарык жылдыз, тиги, деп – сөөмөйү менен көргөздү чоң ата.

– Тээ тетиги жылдызбы, көрүп жатам.

– Бул жылдызды жаркыраган гана эмес, абдан боорукер жана акылдуу дешет. Ошондуктан аны жол көрсөткүч жылдызы деп аташат. Ал эми жанындагы кичинекей жаркыраган сулуулар дайым ага жардам берүүгө даяр. Ай азыркы илимдин жетишкендигине карабастан, табышмак бойдон калууда. Эми сен чоң апаңды коркутуп айланганынды кой, мага чоң апаң айтты. Андан көрө жылдыздар жөнүндө бир нерсени билгиң келсе, анда-санда башыңды көтөрүп асманга кароону унутпа. Анан сөзсүз китеп оку! Билесиңби, ар бир адамдын өзүнүн жылдызы болот дешет.



– Менин жылдызым да барбы?

– Асманда, карасаң балким тиги кичинекей жаркыраган жылдыз болуп жүрбөсүн...

Балдар силер да асмандагы жылдыздар жөнүндө билгиңер келеби? Анда силер көбүрөөк китеп окугула?

## КИТЕП ООРУКАНАСЫ

Бакчанын китеп текчесинде түрдүү китептер чогуу жашайт, алар ар башка, жоон, ичке, кооз байламалары менен абдан жөнөкөй. Алардын баары укмуштуудай кызыктуу. Көптөгөн китептер мени жакшы дос деп эсептешет. Алар, албетте, бир аз эскиришти. Мени боорукердикке үйрөтүштү, тамга тааныганды, окуганды үйрөткөндөрү менен сыймыктанышса да керек.

Балдар уйкуга кеткенде китептердин бири-бири менен акырын сүйлөшкөндөрүн угам.



Бир күнү көпкө чейин китеп текчелердин арасынан карап жүрүп, бир кооз китеп колго тийди. Китепти алып барактарын ача баштадым. Мукабасы, сүрөттөрү абдан кызыктырды. Арасында мага жаккан бир сүрөт бар эле, аны айрып алып чөнтөгүмө салып койдум.

Эртеси бакчада кызык окуя болду.

Тарбиячы Айжан эже, китептерди үстөлдүн үстүнө тизип, бизди өзүнө чакырып, «китептер ооруп калды» – деди. Баарыбыз таң кала бири-бирибизди карап туруп калдык.




– Китептер да ооруйбу? Билбейм, – дешип, ийиндерин куушурушту.

Тарбиячы Айжан эже:

– Силер билбейсиңерби, эмнеге китептерибиз ооруп калды?

– Жок, ж-о-к! –деп, баштарын чайкап жатышты, мен да таң калдым.

– Эмнеге бардыгы бирдей ооруп калды, кайсы жери ооруп жатат? – деди, Айчолпон тынчсызданып.



– Мүмкүн болушунча тезирээк «Китеп ооруканасына» алып баруу керек, – деди Айжан эже.

– Биз китептерди дароо чогултушуп, эженин артынан ээрчишип чын эле төмөнкү кабатка алып бардык.

– Жардам бериңизчи – деди, Айчолпон «китеп дарыгерине» мукактана.

– Мейли, бирок, аларга силердин да жардамыңар керек болот.

– Бизден кандай жардам керек? – дешти, балдар.

– Силер, алып келген китептериңерди столдун үстүнө тизип бергиле, – деди. Анткени балдар китептердин абалын өз көздөрү менен көрүшсүн деп ойлоду окшойт.

Бардык китептерди столдун бетине тизип бердик. Китептердин сырткы мукабасы айрылган, барактары тытылган, сүрөттөрү чийилген ....

– Эми силер кете берсеңер болот.

Балдар капалуу кайтышты, менин көңүлүм да чөгө түштү. Тарбиячы Айжан эже:




– Кана эми, баарыңар отургулачы, силер түшүндүнөр да, эгер биз китептерге кам көрбөсөк, айрып, тытсак китептерибиз ушинтип ооруга чалдыгат. Биз бардык кызык дүйнөнү окуй албай калат экенбиз.

– Кандай кам көрүш керек? – дешти, балдар бир ооздон.

– Силер, ар бириңер, китепти колдонууну үйрөнгүлө!

Кайчы менен кескилебегиле! Эгер китепти кокусунан тытып алган болсоңор, анда ата-энеңерден, чоңдордон жардам сурашыңар керек!

Мен абдан уялдым. Айрып алган барагын эми кантип ордуна коюшту ойлондум.

Эртеси балдар дарыгердин бөлмөсүнө барышты. Мен да бардым.

Күтүп тургула деди, – дарыгер.

Мен мүмкүнбү? – деп кирип бардым. Айрып алган барагымды унчукпастан дарыгерге сундум. Ал мени бир карап, эч нерсе деген жок.

Мейли, бара бер – деди.

Бир маалда эшикти ачып, алып кете берсеңер болот, – деди.

Балдар аябай сүйүнүштү. Баары эки-үч китептен көтөрүп өздөрүнүн китеп бөлмөсүнө алып барышты. Ар бир китепти толук барактап чыгышты. Балдар алгачкы жоопкерчиликти сезе башташты. Китептердин баары жаңырып калыптыр. Тарбиячы китепке кантип туура мамиле кылуу керектигин дагы бир жолу айтып, түшүндүрдү:

– «Китепти таза кол менен гана алса болот. Эч убакта китепти окуп жатып тамактанбаш керек! Китеп биздин досубуз!»

Балдар уйкуга кеткенде, баары тынч болгондо китептер бири-бири менен акырын сүйлөшүп жатышты.

## ПАКО ЖӨРГӨМҮШ



Бул – Пако. Ал чоң үй-бүлөсү менен токойдо жашайт. Пако үйдүн кенжеси. Ал атасына да, энесине да окшобой такыр эле башкача. Жок, жок, такыр эле башкача деген кандай? Албетте, ал атасына да, энесине да окшош дечи. Мүнөзүн айтып жатам.

Пако акылдуу, иштерман, анан да өтө эле боорукер.

Бир күнү жөргөмүштөр өздөрү жашаган жерге торлорун жаймак болушту. Ата-энеси, бир туугандары – баары чебер токуучулар эле.

Таш боор, кайрымсыз сапаттар Пако үчүн эместей. Тор жайганды көп деле жактыра бербейт. Албетте, ал дагы жашоосуна керектүү көндүмдөрдү үйрөнүш керек дечи, бирок…

Эртеси үйдүн тегерегине чебер токулган торлор жайылды. Көп чымын-чиркейлер тузакка илинип жатты.

Бир маалда – кооз көпөлөк Пакონун торуна чалынды. Ал улам бошоном деп аракет кылган сайын, ого бетер чырмала берди. Алы кетип баратты. Паконун боору ооруп, кооз көпөлөктү тузактан тез арада бошотту.



– Салам! – деди Пако күнөөлүүдөй.

Көпөлөк чоң көздөрүн кайра-кайра ирмеп, аман калгандыгына таң калып жатты.

– С-а-л-а-м! Сен кимсиң? – деди үнүн акырын чыгарып көпөлөк.

Пако чөйчөккө суу алып келди.

– Мен жөргөмүшмүн. Атым – Пако.

Көпөлөк суу ичти, эмнегедир андан чочулаган жок. Пакону таң кала карап:

– Мени куткарып калдың, сага ыраазымын, – деди.

Пако эмне айтарын билбей, башын ийкегиледи.

– Менин атым Назике, – деп көпөлөк өзүн тааныштырды.

– Пако! Менин атым Пако, – деп кайталады.

– Пако, сен жакшы жөргөмүш экенсиң. Башкаларга окшобойсуң. Кел, экөөбүз дос бололу, – деди Назике наздана.

Ошентип экөө достошту.

– Ха-ха-ха! Хи-хи-хи! Тигилерди карасаңар, достошуп алышты. Көпөлөк менен да дос болчу беле? – деп шылдыңдап күлүп жатышты.



Экөө аларга көңүл да бурушкан жок. Кечке чогуу сейилдешти, жыргап ойношту.

– Кеч кирип кетти. Кош! Эртеңкиге чейин! – деди Назике.

– Жакшы кал! Эртең сени күтөм! – деди Пако.

Эртеси бир заматта алай-дүлөй болуп шамал аралаш жаан жаады. Кайдан-жайдан чоң тикенек учуп келип, түз эле Пакону торунун ортосун жырып өттү. Укмуш, Пакого аз эле жерден тийбей калды! Ал бактын коңулуна кире качты.

– Ой, шумдук! – деп Пако таң калды. Мындайды ал биринчи көрүшү эле.



Жаан басылды. Кайрадан күн тегиз тийди. Токойдо жай турмуш башталды. Пако:

«Менин досум көпөлөк,

Бийик учат көкөлөп!» – деп ичинен кыңылдап ырдап жаткан.

Назике досуна учуп келди. Пако абдан сүйүндү. Экөө бүгүн да сейилге чогуу чыгышты, көңүлдүү ырдап жатышты. Жөргөмүштөр таңдана карашты.

Пако чыныгы досу барлар бактылуу экенине ишенди.



## Мазмуну

Момпосуй .......... 3
Лупа .......... 11
Сегиз бут .......... 16
Биздин Гүлү – мугалим .......... 26
Кар киши .......... 35
Айлан-көчөк, айга көчөт! .......... 43
Китеп ооруканасы .......... 50
Пако Жөргөмүш .......... 55

**Бекбоева Айдай**

# МОМПОСУЙ

*(Аңгемелер жыйнагы)*

*Бөбөктөр үчүн*

Редактору *Токтошев К.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Бекетаева А.*
Сүрөтчүлөр: *Асылбекова Н., Ырысбай Т.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 04.09.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{8}$.
Көлөмү 7,5 б.т. Нускасы 200.

---

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.